КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БЕШ- ТАШСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

---

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги № 3 сессиясынын токтому**

**2025-жыл 14-май № 23** **Кызыл Туу айылы**

**Беш-Таш айыл аймагына караштуу Кызыл-Туу жана Көк Кашат айылына асфальт бастыруу үчүн убактылуу карьер ачуу жөнүндө**

Беш-Таш айыл аймагына караштуу Кызыл-Туу жана Көк Кашат айылдарынын башкы көчөлөрүнө Кыргыз Республикасынын капиталдык салымдар беренесинен асфальт бастыруу иштери каралып жаткандыктан, жолдорду тегиздөө үчүн убактылуу кум-шагыл карьерин ачуу жөнүндө сунушту карап жана талкуулап чыгып, Беш-Таш айылдык кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.. Кызыл-Туу айылынын күн чыгыш тарабындагы № 2076 чөйрө сызыгындагы эски кум-шагыл карьерден асфальт бастырууда жолдорду тегиздөө үчүн убактылуу карьер ачууга уруксат берилсин.

2. Көк Кашат айылынын түштүк тарабындагы № 2042 чөйрө сызыгындагы эски кум-шагыл карьерден асфальт бастырууда жолдорду тегиздөө үчүн убактылуу карьер ачууга уруксат берилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Мурат Шамилге жүктөлсүн.

**Төрага:** **Сатыбек уулу Максат**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БЕШ-ТАШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

14 май 2025 г. № 24 с. Кызыл-Туу

**Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондусуна жалпы орто билим берүү мектебин (1224 орундуу) куруу үчүн курулуштун тиричилик шаарчасын жайгаштыруу жана курулуш муктаждыктарына жер тилкесин убактылуу акысыз пайдаланууга берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда 2023-жылдын 29-мартында Бишкек шаарында кол коюлган, кыргыз тилинде орус тилинде окутуучу биргелешкен жалпы билим берүү уюмдарын куруу жана иштөө шарттары жөнүндө Макулдашууну ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 25-мартындагы №108 жана 2024-жылдын 3-июлундагы №397-р Буйруктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 7 жана 18-беренелерин жетекчиликке алуу менен, Беш-Таш айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Беш-Таш айыл өкмөтүнө Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондусуна аянты 10 000 кв.м. (1,0 га) болгон, муниципалдык менчиктеги (идентификациялык коду № 6-04-13-1005-0143), Талас району, Беш-Таш айылы, Өрүктү көчөсү №16а, Кара Дөбө участогунда жайгашкан жер тилкесин (мындан ары – Жер тилкеси) жалпы орто билим берүү мектебин (1224 орундуу) куруу жана курулуштун тиричилик шаарчасын жайгаштыруу үчүн убактылуу акысыз пайдаланууга 6 (алты) жылдык мөөнөткө берүүгө макулдук берилсин, пайдалануу мөөнөтүн курулуш аяктап, жаңы мектеп имараты Кыргыз Республикасына өткөрүлүп берилгенге чейин узартуу мүмкүнчүлүгү сакталсын.

2. Беш-Таш айыл өкмөтүнө төмөнкүлөр жүктөлсүн:
- Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фондусуна жер тилкесин 6 (алты) жыл мөөнөткө убактылуу акысыз пайдаланууга берүү жөнүндө токтом чыгаруу;
- Евразиялык турукташтыруу жана өнүктүрүү фонду менен жер тилкесин убактылуу акысыз пайдаланууга берүү боюнча макулдашууга кол коюу;
- Макулдашууну мамлекеттик каттоодон өткөрүү жана Жер тилкесине укук тастыктоочу документтерди берүү боюнча зарыл болгон иш-аракеттерди жүргүзүү.

3. Беш-Таш айылдык кеңешинин 2024-жылдын 2-июнундагы №23 токтому күчүн жоготту деп табылсын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо өзүмө калтырам.

Төрага Сатыбек уулу Максат

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БЕШ-ТАШСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

---

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги 3 сессиясынын токтому**

**2025-жыл 14-май № 25** **Кызыл-Туу айылы**

**Беш-Таш айыл аймагына караштуу Калба айылынын тургуну Жөнөтбаев Бообектин арызы жөнүндө**

Беш-Таш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз сессиясы күн тартибинде маселени карап чыгып Беш-Таш айылдык кеңеши **токтом кылат :**

1.Беш-Таш айылдык кеңешинин сессиясында карап жана талкуулап Жөнөтбаев Төрөкул согуштун ардагеринин аты №160 чөйрө сызыгында жайгашкан Калба айылынын биринчи көчөсүнө белгиленсин.

2. Калба айылындагы №160 чөйрө сызыгында жайгашкан көчө Жөнөтбаев Төрөкул атындагы көчө болуп катоого алынсын.

3.Кабыл алынган токтомду көзөмөлгө алып аткаруу жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Мурат Шамилге жүктөлсүн.

**Төрага** **Сатыбек уулу Максат**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БЕШ- ТАШСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги 3 сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**14-май 2025-жыл № 26** **Кызыл-Туу айылы**

**Зоналдык коэффицентти бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын салык Кодексинин 388 жана 404-беренелерине ылайык турак эмес имараттар, курулмалар жана жайлар ошондой эле калктуу конуштардагы жана айыл чарба багытындагы эмес жер участоктору боюнча колдонулуучу зоналдык коэффициенттерди жана зоналдык наркты бекитип берүү боюнча талкуугалап чыгып. эл депутаттарынын Беш-Таш айыл аймактык Кеңешинин IX –чакырылышынын кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Беш-Таш айыл аймагынын ставка Кэ имараттар, курулуштар жана жер салыктары үчүн 1 деп бекитилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы-Мурат Шамилге милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин алдындагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Сатыбек уулу Максат**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**БЕШ-ТАШ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БЕШ-ТАШСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги 3 сессиясынын токтому**

**2025-жыл 14-май №27** **Кызыл-Туу айылы**

**Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо жөнүндө**

Туристтик тармактын субъектерин мамлекеттик колдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу реконструкциялоого жана өнүктүрүүгө ички жана чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу үчүн инструменттерди өркүндөтүү жана Кырыз Республикасынын туруистик потенциалын жогорулатуу максатында Беш-Таш айылдык кеңешинин **токтом кылат :**

1.Беш-Таш айылдык кеңешинин сессиясында карап жана талкуулап Беш-Таш улуттук парктын Беш-Таш айыл аймагына тиешелүү болгон “Кайнар”участогунун №1483-1484-1485-1486-1494 контурундагы жерди туризмди колдоо максатында жердин багытын которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2.Кабыл алынган токтомду көзөмөлгө алып аткаруу жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Мурат Шамилге жүктөлсүн.

**Төрага** **Сатыбек уулу Максат**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БЕШ-ТАШСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

---

**Беш-Таш айыл аймагынын айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги 3 сессиясынын токтому**

**2025-жыл 14-май №28**

**Кызыл-Туу айылы**

**Талас районунун А.Огонбаев айылынын тургундарын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу максатында ичүүчү таза суу топтоочу жай куруу үчүн жер участогун которуу (трансформациялоо) жөнүндө"**

Талас районунун А.Огонбаев айылынын тургундарын ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу максатында ичүүчү таза суу топтоочу жай куруу үчүн жер участогун которуу (трансформациялоо) боюнча Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 15-июлундагы №145 «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2024-жылдын 4-ноябрындагы №665 "Жер участогун корторуу (трансформациялоо) жөнүндө" жобону карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесин жетекчиликке алып Беш-Таш айылдык Кеңеши токтом кылат:

1. Талас районунун Беш-Таш айылдык аймагынын административдик чегинде жайгашкан "Мехпарк" участогунун №656-657 чөйрө сызыгындагы жалпы аянты 0,60га жер участогуна тургундарды ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу максатында ичүүчү таза суу топтоочу жай куруу үчүн "Запастагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер» категориясына которууга (трансформациялооого) макулдук берет.

2. Жерлерди бир категориядан башкасына же чарба жерлеринин башка түрүнө которуу (трансформациялоо) жөнүндө жерге жайгаштыруу көктөмөсүн даярдоо менен байланышкан иштерди каржылоо, Беш-Таш айыл өкмөтүнүн каражатынын эсебинен жүргүзүлсүн.

3. Жогоруда аталган мыйзамдарга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча тиешелүү корутундуларды алуу үчүн иш кагаздарды жана Талас райондук жер комиссиясына сунушту даярдоо жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Мурат Шамилге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Сатыбек уулу Максат**